КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ОРОЗБЕКОВ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ОРОЗБЕКОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Орозбеков айылдык кенешинин VII чакырылышынын кезектегиз жыйырма төртүнчү сессиясы**

Орозбеков айылы 2024-жылдын 20-январы

# ТОКТОМ № 150

**2023-жылдын жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысынын отчету жана 2024-жылга жергиликтүү бюджетти бекитүү жөнүндө**

Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысы З.Н.Максутовдун Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча отчету жана 2024-жылга жергиликтүү бюджеттин көлөмү «Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси» мыйзамдардын негизинде түзүлүп, сунушталып жаткандыгы жөнүндө билдирүүсүн угуп жана талкуулап ,бул маселе Орозбеков айылдык кенешинин бюджет жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунда каралгандыгын эске алуу менен Орозбеков айылдык кеңешинин **токтом кылат**:

1. Орозбеков айыл өкмөтүнүн башчысы З.Н.Максутовдун 2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча отчету канааттандырарлык деп табылсын.

2. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2024-жылгы бюджетинин киреше бөлүгү атайын каражаты менен 24692,5 миң сом, чыгашалар боюнча жетишпестигин эске алуу менен 24692,5 миң сом өлчөмүндө №1,2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2024-жылгы бюджетинен чыгашалардын корголгон беренелерине каралган каражаттар, штаттык бирдиктер нормативдик актылар өзгөргөндө азайтылышы же көбөйтүлүшү мүмкүн.

4. Айыл өкмөтүнө бюджеттик мекеме, уюмдар тарабынан бюджеттик каражаттарды регионалдык казына бөлүмүнө кириштелбей туруп сарптоого тыюу салынсын.

5. Орозбеков айыл өкмөтүнүн 2024-жылга каралган бюджети 2024-жылдын январынан баштап ишке киргизилсин

**Төрага:** **О.Ибрагимов**